# Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын

## №29 ЧЕЧИМИ

13.04.2022-жыл

Токтогул шаары:

**Күн тартибинде маселелер**: "Мекен-Ынтымагы" саясий партиясынан талапкер Т.Д. Чормошовдун жазган арызын кароо.

Угулду: Аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы П. Н. Бошкоева 2022-жылдын 13-апрелиндеги Т.Д. Чормошовдун Арызы менен тааныштырды.

Арызда "Мекен –Ынтымагы " саясий партиясынын жетекчиси жана мүчөлөрүнүн ооз эки убадасында, ким иштегенине жараша көп добуш алса ошол талапкер мандат алат деп ич ара келишишкен. Азыр жыйынтыгында айтылган убадалар аткарылбай калгандыгы тууралуу билдирген.

Аймактык шайлоо комиссиясынын мучолору, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренеснин 3-пунктун жетекчилике алып:, саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде турган талапкер добуш берүүдөн кийин депутаттык мандаттарды бөлүштүргөнгө чейин, тизмедеги талапкердин ордуна (кезектүүлүгүнө) талаптанууну көздөгөн талапкерлердин бири биринин макулдугу менен, ошондой эле саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын макулдугу менен, тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына өзүнүн талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө арызы менен кайрылууга укуктуу.

Талапкерлердин тизмесинде турган талапкердин кезектүүлүгүн өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын чечимдери саясий партиянын уставында белгиленген тартибинде кабыл алынат.

Аталган билдирүү аймактык шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгүнө кирбегендиктен ..

Күн тартибинде маселе боюнча аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Д.Т. Чормошовдун жазган арызы эске алынсын.
2. Д. Т. Чормошовго кат жузундо тушундурмо берилсин.
3. Ушул чечимди козомолдоо жагы аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы П.Н.Бошкоевага жуктолсун.

Токтогул аймактык шайлоо комисиясынын катчысы ............ П. Н. Бошкоева